Ош мамлекеттик университитнин математика жана информациялык технологиялар факультетинин колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасында өткөрүлгөн кеңешменин

**ПРОТОКОЛУ**

12– декабрь, 2022 – жыл.(230 аудитория, саат 14-00)

Төрөга: Азимов Б. А

Катчы: Абдывоситова А.

**Катышкандар:** кафедранын бардык мүчөлөрү

*Күн тартиби:*

*3) Ар түрдүү маселелер*

**"510200 – Колдонмо математика жана информатика" PhD билим берүү программасын негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндө**

*Угулду: Кафедра башчысы, программа жетекчи, доцент Б. Азимов:*

Бүгүн кафедранын чогулушу PhD билим берүү программасына ылайык напысы билим берүү программасын (НББП) иштеп чыгууга багытталган. Бул программа жогорку квалификациялуу, илимий жана педагогикалык кадрларды даярдоону максат кылат. Программа 180 кредиттен турат жана теориялык курстарды, илимий-изилдөө иштерин, стажировканы жана диссертация жазууну камтыйт. Ага кабыл алуу үчүн магистрдик деңгээл, тийиштүү экзамендерди тапшыруу жана илимий жетекчи тандоо талап кылынат. Программанын мазмуну академиялык стандарттарга, ошондой эле жумуш берүүчүлөрдүн жана кызыкдар тараптардын сунуштарына негизделет. Бүгүнкү жыйындын жүрүшүндө НББПнын структурасын, мазмунун жана окутуу ыкмаларын биргеликте талкуулап чыгабыз. Бардык катышуучулардын активдүү сунуш-пикирлери программаны сапаттуу иштеп чыгууга өбөлгө түзөт. Сунуштарды күтөмүн.

Кафедра башчысы тарабынан бүгүнкү жыйынтын планы айтылып, 510200 “Колдонмо математика жана информатика” PhD билим берүү багытынын негизги билим берүү программасын түзүүдө аткарылууга жаткан пункттары боюнча кеңири маалымат берди.

**Асылбеков Т. (кафедранын доценти):**

Кафедранын аксалкал окутуучусу катары айтар кебим бул азыркы ачылып жаткан PhD бул эски илимдин кандидаты деген сөз. Ошол себептүү окутулуучу дисциплиналар калыптандыруучу компетенцияларды так аныктоо, окутуунун натыйжаларын аныктоо, ага дал келүүчү компетенцияларды аныктоо үчүн өтө кылдаттык менен жумуш алып баруубуз керек. Ошол себептүү бардык жумуштарды азыр ушул отурумда кеңири талкуулап алалы.

Негизинен алганда өткөнкү жумуш берүүчүлөр, администрация, окутуучулар ж.б. катышкан чагулушутун протоколуна негиздөө менен жумуш алып барыныздар.

**Жарыш сөз:**

**Жолдошов Т. (кафедранын доценти):**

PhD программасынын напысы билим берүү программасы (НББП) – бул жогорку окуу жайынын стратегиялык документтеринин бири болуп, программаны мазмундук, методологиялык жана практикалык жактан негиздеп берет. Анын концепциясы илимий-изилдөө жүргүзүүгө жөндөмдүү, академиялык чөйрөдө атаандаштыкка туруштук бере алган адистерди даярдоого багытталат. НББП доктoранттын жетишүүгө тийиш болгон компетенцияларына негизделип, алардын теориялык билимди терең өздөштүрүшүн жана практикага колдонуу жөндөмүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт. Ошону менен катар, бул программа жумуш берүүчүлөрдүн талаптарын, рыноктук өзгөрүүлөрдү жана эл аралык тенденцияларды эске алуу менен иштелиши керек. Концепциялык деңгээлде НББП — билим берүү процессин системалаштырып, окуу курстары менен илимий иштин ортосундагы логикалык байланыштарды так аныктап берет. Бул документ кафедранын жалпы илимий-методикалык ишмердигин пландоодо, жана сапаттуу билим берүүнү камсыздоодо негизги таяныч болот. Ушуга байланыштуу, НББПны иштеп чыгууда кесипкөй окутуучулардын сунуштары, кызыкдар тараптардын пикири жана алдыңкы тажрыйбалардын эске алынышы өзгөчө мааниге ээ деп эсептейм.

**Пирматов А. (кафедранын доценти):**

Докторант бүтүрүүчүнүн моделин түзүүдө мен жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына шайкеш келген компетенцияларды калыптандырууну сунуштайм. Ал алгач, илимий-изилдөө жөндөмдөрүн тереңдетүү зарыл — бул илимий методологияны өздөштүрүү, аналитикалык ой жүгүртүү жана сапаттуу макала жазуу менен байланыштуу. Экинчиден, коммуникативдик жана лидерлик жөндөмдөрү бүтүрүүчүнүн кесиптик чөйрөдө натыйжалуу иштешине өбөлгө түзөт. Үчүнчүдөн, санариптик технологияларды колдонуу — маалымат талдоо, программалык камсыздоону өздөштүрүү — заманбап талаптардын бири катары каралат. Төртүнчү, педагогикалык компетенциялар — сабак берүү, студенттерди жетектөө — билим берүү тармагында маанилүү. Бешинчиден, илимий этика жана социалдык жоопкерчилик — коомго таасир этүүдө негизги сапаттар. Акырында, практикалык маселелерди чечүү жөндөмү жана тармактык стандарттарга шайкештик жумуш берүүчүлөрдүн негизги күтүүлөрүнө жооп берет. Бул компетенциялар докторанттарды атаандаштыкка жөндөмдүү, илимий жана практикалык чөйрөдө ийгиликтүү адис катары даярдоого багытталган деп эсептейм.

**Камалов С. ( кафедранын окутуучусу):**

Негизги билим берүү программасынын (НБПП) структурасы компетенцияларга багыттоону жана модулдук принципке негизделишин сунуштайм. Курстар фундаменталдык, кесиптик жана тандалма багыттар боюнча бөлүнүп, ар бир модул конкреттүү компетенцияны

калыптандырууга багытталат. Окутуу формалары аралыктан, күндүзгү жана аралаш түрдө уюштурулуп, доктораннтарга жеткиликтүүлүгү камсыздалуусу керек. Методдор катары интерактивдүү лекциялар, кейс-метод, долбоордук иш жана практикалык тренингдер колдонулушун сунуштайм. Ар бир модулда теория менен практиканын айкалышы камсыздалып, докторанттардын активдүү катышуусу стимулдаштырылса деп жакшы болмок.

**Шамшиева Г. (кафедранын улук окутуучусу):**

Баалоо билим берүү процессинин сапатын көзөмөлдөөнүн негизги куралы катары каралышы керек. Ал докторанттын билим деңгээлин, көндүмдөрүн жана компетенцияларын объективдүү баалоого багытталышы зарыл. Баалоо критерийлери так, түшүнүктүү жана алдын ала белгиленген болушу сунушталат. Формативдик жана суммативдик баалоо түрлөрү окутуунун ар кандай этаптарында колдонулушу керек. Формативдик баалоо докторанттын өнүгүүсүн көзөмөлдөп, ага кайтарым байланыш берүүгө багытталат. Суммативдик баалоо болсо окуу модулунун же курстун аягында жыйынтык чыгаруу үчүн колдонулат. Натыйжалуу баалоо системасы докторанттарды мотивациялап, сапаттуу билим алууга түрткү берет джеп ойлойм. Ошол себептуу негизги билим берүү программасын иштеп чыгууда ушул бөлүмдү эске алууңуздарды суранат элем.

Кафедра мүчөлөрүнө НБППны түзүүдө алар аткаруучу жумуштарды бөлүштүрүү менен төмөнкү чечимди кабыл алышты.

**ЧЕЧИМ:**

1) 510200 “Колдонмо математика жана информатика” PhD билим берүү багытын ачууда сунушталган компетенцияларды негизги билим берүү программасын түзүүдө колдонуу менен төмөнүчө окутуунун натыйжаларын кабыл алалы:

**ОН-1.** Колдонмо математика жана информатика тармагында, анын ичинде математикалык моделдөө, жасалма интеллект ыкмалары жана тиешелүү илимий багыттар боюнча заманбап жана терең билимге ээ болуу.

**ОН-2.** Илимий изилдөөлөрдө жана/же инновацияларда маанилүү маселелерди чечүү, ошондой эле бар болгон билимдерди же кесиптик практиканы кеңейтүү жана кайра карап чыгуу үчүн зарыл болгон эң алдыңкы жана адистештирилген көндүмдөргө жана ыкмаларга ээ болуу.

**ОН-3.** Кесиптик ишмердүүлүктүн же окуунун алдыңкы тармактарында, анын ичинде илимий изилдөөлөрдө, өз алдынчалуулукту, инновациялуулукту, илимий жана кесиптик бүтүндүктү, ошондой эле жаңы идеяларды же процесстерди иштеп чыгууга туруктуу умтулуусун көрсөтүү.

**НО-4.** Өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын мекемелик деңгээлде жана/же тармактык масштабда ишке ашырууга жоопкерчилик тартуу.

**ОН-5.** Колдонмо математика жана информатика тармактарында заманбап маалыматтарды иштетүү ыкмаларын колдонуу менен татаал жана тармактар аралык маселелерди чечүүдө илимий жана кесиптик топторду жетектөө.

2) Бүтүрүүчүнүн модели катары негизги билим берүу программасынын **окуу багытында** 510200 «Колдонмо математика жана информатика» багыты боюнча негизги билим берүү программасынын (НБПП) максаты — фундаменталдык илимий жана кесиптик тармактарда

терең билимге ээ болгон квалификациялуу адистерди даярдоо. Бул адистер тандаган кесиптик чөйрөдө ийгиликтүү иштеп, эмгек рыногунда, анын ичинде эл аралык деңгээлде да талапка ээ боло алышат. **Жеке инсанды тарбиялоо багытында** 510200 «Колдонмо математика жана информатика» багыты боюнча НБППнын максаты — докторлордун социалдык-личностук сапаттарын калыптандыруу: максатка умтулуу, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчилик, жарандык позиция, баарлашуу жөндөмү, сабырдуулук, милдетти аткаруу жана жалпы маданият деңгээлин жогорулатуу.

3) Негизги билим берүү программасын түзүүдө окуу жайдын ички жобосу жетекчиликке алынсын.

ОшМУнун окуу-методикалык бирикмесине сунуштоо, сунушталган жумуштарды аткаруу кафедра башчысы Б. Азимовго жүктөлсүн.

Төрага: Б.А. Азимов

Катчы: А. Абдивоситова